**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛУСУ**
**КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН**
**ИСХАК-ПОЛОТХАН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**
Ishak_polothan@mail.ru

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**
**ИСХАК-ПОЛОТХАНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
Ishak_polothan@mail.ru

---

**Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин жетинчи чакырылыш кезектеги жыйырма бешинчи сессиясы**

**10.05. 2023-жыл.** **ТОКТОМ №81** **Жеңиш айылы**

**Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн 2023-жылга бекитилген бюджетинин чыгашалар бөлүгүнө өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө**

Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин бюджет, инвестиция, экономика, ишкердик иштери жана коомдук уюмдар боюнча туруктуу комиссиясынын чечимин, айыл өкмөтүнүн финансы-экономика бөлүмүн маалыматын угуп, талкуулап чыгып, Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңеши токтом кылат:

**1.**. Исхак-Полотхан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2023-жылга жергиликтүү бюджетинин чыгашалар бөлүгүнө №1 тиркемеге ылайык өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилсин.

**2.**Исхак-Полотхан айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2023-жылга бекитилген сметасынын чыгаша бөлүгүнө тийиштүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү айыл өкмөтүнө (Ж.Дыкановго) милдеттендирилсин.

**3.** Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы бюджет, инвестиция, экономика, ишкердик иштери жана коомдук уюмдар боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**4.**Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана айылдык кеңештин регламентинин талаптарына ылайык ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин ченемдик укуктук актыларынын реестрине каттоо жагы айылдык кеңештин жооптуу катчысы О.Шакировго милдеттендирилсин.

**Төрага** **Кожонов З.Ы.**

**10-Май 2023-жыл №81 токтомуна**

**Тиркеме №1**

**Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн бюджетинин кирешелер жана чыгашалар боюнча маалымат.**

**Чыгаша бөлүгү**

| Катар № | Бөлүмдөрдүн аталышы | Статьясы | Суммасы (мин сом) | 2 кварталга (+:-:) |
|---|---|---|---|---|
| | **ЖКХ** | | | |
| | Дагы башка кызмат көрсөтүүнү алуу | 2215 | 2598,0 | 2598,0 |
| | Мүлктү учурдагы ондоого кеткен чыгымдар | 2221 | 150,0 | 150,0 |
| | Имараттар жана курулуштар | 3111 | 1100,0 | 1100,0 |
| | Машина жана жабдуулар | 3112 | 680,0 | 680,0 |
| | **Бардыгы:** | | **4528,0** | **4528,0** |

**Каржы экономика бөлүмүнүн башчысы:** **С.Ормонов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛУСУ**
**КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН**
**ИСХАК-ПОЛОТХАН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**
Ishak_polothan@mail.ru

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**
**ИСХАК-ПОЛОТХАНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
Ishak_polothan@mail.ru

---

**Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин жетинчи чакырылыш кезектеги жыйырма бешинчи сессиясы**

**10.05.2023-жыл. ТОКТОМ №82 Жеңиш айылы**

**Исхак-Полотхан айыл аймагынын маданият үйүнө Матисак Токтосуновдун атын берүү жөнүндө**

Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин жетинчи чакырылышынын кезектеги жыйырма бешинчи сессиясына сунушталган маселелерди, Мамат Юсупов атындагы №12 Жошук орто мектебинин эмгек жамаатынын сунушун, сессияда талкууланган маселелерди эске алып, Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңеши токтом кылат:

**1.**Мамат Юсупов атындагы №12 Жошук орто мектебинин эмгек жамаатынын сунушу колдоого алынсын, Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык маданият үйүнө обончу, аткаруучу, фольклордук чыгармалардын автору Матисак Токтосуновдун атын берүү жагы Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнө (Ж.Дыканов сунушталсын.

**2**.Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык маданият үйүн "Исхак-Полотхан айыл аймагынын Матисак Токтосунов атындагы айылдык маданият үйү" деп атоо боюнча мыйзамдарда белгиленген тартипте аткарууга алуу Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнө (Ж.Дыкановго) милдеттендирилсин.

**3.**Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Исхак-Полотхан айылдык кеңешинин мыйзамдуулук, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, регламент, депутаттык этика жана мандат боюнча комиссиясына жүктөлсүн.

4.Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана айылдык кеңештин регламентинин талаптарына ылайык ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин ченемдик укуктук актыларынын реестрине каттоо жагы айылдык кеңештин жооптуу катчысы О.Шакировго милдеттендирилсин.

**Төрага Кожонов З.Ы.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛУСУ**
**КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН**
**ИСХАК-ПОЛОТХАН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**
Ishak_polothan@mail.ru

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**
**ИСХАК-ПОЛОТХАНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
Ishak_polothan@mail.ru

**Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин жетинчи чакырылыш кезектеги жыйырма бешинчи сессиясы**

**10.05. 2023-жыл. ТОКТОМ №83 Жеңиш айылы**

**“Кадамжай районуна караштуу “Мамат Юсупов” атындагы №12 Жошук орто мектебинин” аталышына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин жетинчи чакырылышынын кезектеги жыйырма бешинчи сессиясына сунушталган маселелерди, Мамат Юсупов атындагы №12 Жошук орто мектебинин эмгек жамаатынын протоколун, райондук билим берүү бөлүмүнүн сунушун, сессияда талкууланган маселелерди эске алып, Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңеши токтом кылат:

**1.**Кадамжай районунун Исхак-Полотхан айыл аймагындагы “Кадамжай районуна караштуу **“**Мамат Юсупов” атындагы №12 Жошук орто мектебинин” аталышына өзгөртүү киргизилсин жана төмөндөгүдөй аталсын:
Мамлекеттик тилде: Кадамжай районундагы “№12 Мамат Юсупов атындагы орто мектеби” мекемеси.
Расмий тилде : Учреждение “Средняя школа №12 имени Мамат Юсупова” Кадамжайского района.

**2**. Юридикалык дареги: Баткен облусу, Кадамжай району, Исхак-Полотхан айыл аймагы, Жошук айылы, Жошук 1 көчөсү №26.

**3.**Токтомду мыйзамдарда белгиленген тартипте жетекчиликке алуу жана мекемени мамлекеттик кайра катоодон өткөрүү жагы мектептин директору Ч.Рахманжановага сунушталсын.

**4.**Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Исхак-Полотхан айылдык кеңешинин мыйзамдуулук, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыгын коргоо, регламент, депутаттык этика жана мандат боюнча комиссиясына жүктөлсүн.

**5.**Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана айылдык кеңештин регламентинин талаптарына ылайык ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин ченемдик укуктук актыларынын реестрине каттоо жагы айылдык кеңештин жооптуу катчысы О.Шакировго милдеттендирилсин.

**Төрага Кожонов З.Ы.**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**БАТКЕН ОБЛУСУ**
**КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН**
**ИСХАК-ПОЛОТХАН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**
Ishak_polothan@mail.ru

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**
**ИСХАК-ПОЛОТХАНСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**
Ishak_polothan@mail.ru

---

**Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин жетинчи чакырылыш кезектеги жыйырма бешинчи сессиясы**

**10.05. 2023-жыл.** **ТОКТОМ №84** **Жеңиш айылы**

**Исхак-Полотхан айылаймагында жерлердин бир түрүнөн башка категорияга которуу жөнүндө**

Исхак-Полотхан айыл аймагынын жетинчи чакырылыш кезектеги жыйырма бешинчи сессиясына сунушталган маселелерди талкуулап, “КЫРГЫЗ АГРО МАРКЕТ КГ” ЖЧК нын ижарага жер сурап кайрылган арызын, Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн 10.05.2023-ж.№01-10/305 сунуш катын талкуулап чыгып, Исхак-Полотхан айылдык кеңеши токтом кылат:

1.Исхак-Полотхан айыл аймагынынан индустриялык аймакка, авто унаа чогултуучу завод куруу үчүн, айыл чарбасына жараксыз жерлерден 10,0 га жер аянтын жерлердин бир түрүнөн башка түрүнө которуу боюнча иш алып баруу айыл өкмөтүнүн башчысы Ж.Дыкановго сунушталсын.

2.Токтомду мыйзамда белгиленген тартипте жетекчиликке алуу Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн башчысы Ж.Дыкановго жүктөлсүн.

3.Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин айыл чарба, жер, муниципалдык менчик, архитектура, курулуш жана транспорт боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.

4.Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана айылдык кеңештин регламентинин талаптарына ылайык ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин ченемдик укуктук актыларынын реестрине каттоо жагы айылдык кеңештин жооптуу катчысы О.Шакировго милдеттендирилсин.

**Төрага** **Кожонов З.Ы.**